**Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун билим берүү башкармалыгынын начальнигинин орун басарынын Борбордук Азия Университетинин диплом тапшыруу боюнча салтанаттуу аземинде сүйлөгөн сөзү, Хорог, 21-июнь, 2025-жыл**

Урматтуу Камкорчулар Кеңешинин төрагасы, доктор Шамш Кассим-Лакха!
Урматтуу Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлигинин Эл аралык байланыштар башкармалыгынын начальнигинин орун басары Масрур Зокирзода!
Урматтуу Университеттин ректору, профессор Кристофер Жон Герри!
Урматтуу Борбордук Азия Университетинин Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы, профессор Максим Борисович Хомяков!
Борбордук Азия Университетинин окутуучулары жана кызматкерлери!
Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр жана урматтуу ата-энелер, ардактуу меймандар!

Мен ушул илим менен билимдин борбору болгон Борбордук Азия Университетинин 2025-жылдын бүтүрүүчүлөрүнүн эсте каларлык жана жагымдуу саамалыгына күбө болуп жатканыма чын дилден кубануу менен өзүмдү ушундай урмат-сыйга татыктуу болуп катышып жатканым үчүн сыймыктануу сезимине бөлөнүп жатам.

Учурдан пайдаланып бул университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн аземинин биздин улуу тажик элинин эң маанилүү майрамдарынын бири болгон Улуттук биримдик күнүнүн 28 жылдыгына туш келген орошон окуя менен чын жүрөктөн куттуктайм. Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун аткаруу бийлигинин жана облустун төрагасы урматтуу Мирзанабот Алишер Худобердинин жеке өзүнүн атынан куттуктайм.

Баса белгилей кетиш керек, илим жана билим берүү тармагы биздин мамлекеттин эгемендүүлүгүнүн алгачкы күндөрүнөн тартып эле артыкчылыктуу багытта турган жана өлкөнүн ички саясатынын борборунан орун алып келген.

Бул тармактар биздин коомдун социалдык-экономикалык өнүгүшүндө жана алдыга илгерилешинде чечүүчү ролду ойноп келет. Ар тараптуу билимге ээ болбостон, квалификациялуу жана билимдүү адистерди даярдабастан прогресске да, өнүгүүгө да жетүүгө мүмкүн эмес экендигин унутпоого тийишпиз. Баардык өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр мектепте жана билим берүү системасында башталат, андан соң өлкөнүн абройлуу орто жана жогорку окуу жайларында жана чет өлкөлөрдө уланат.

Дал ушул максат менен Тажикстан Республикасынын Президенти, тынчтык менен улуттук биримдиктин негиздөөчүсү, улуттун лидери, улуу урматтуу Эмомали Рахмондун тапшырмасы жана көрсөтмөсү менен, ошондой эле Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнүн перспективалуу пландарынын алкагында билим берүү жана илимди өнүктүрүү тармагында бекем жана реалдуу пайдубал түптөлүп жатат.

Биздин өлкөнүн Президенти ар бир сөзүндө бул темага өзгөчө көңүл бурат жана алардын биринде мындай деп баса белгилеген:

*«Билимге жана заманбап технологияларды колдоно ала турган көндүмдөргө ээ болгон жогорку квалификациялуу окумуштуулары жана чыгармачыл инсандары, билимдүү жана сабаттуу жарандары бар өлкөлөр гана өнүгө алышат жана алдыга умтулган илим жана технологиянын шарттарында татыктуу ордун сактап кала алышат».*

Бул максаттарга жетүүнүн жолундагы кадамдардын бири болуп эл аралык Борбордук Азия Университетин тоолуу аймактарда негиздөө болуп саналат. БАУнун Гуманитардык жана так илимдер Мектеби уюшулгандан тартып эки багытта адистерди даярдап келе жатат. Алар: тоолуу аймактар үчүн олуттуу мааниге ээ болгон Дүйнөлүк экономика менен Жер жана курчап турган чөйрө илимдери. Бул университеттин бүтүрүүчүлөрү өлкөнүн сыртында да ийгиликтүү эмгектенип жатышат.

2025-жылдын бүтүрүүчүлөрү биздин улуттун жана мамлекеттин мындан аркы өнүгүшүнө жогорку деңгээлдеги жан дилинен берилгендик жана мекенчилдик менен, окуп жатып алган заманбап билимдерин пайдалануу аркылуу орчундуу салым кошо алат деп толук ишеним жана үмүт менен айтып кетүүгө болот.

Бүгүн биз Тажикстандын эле эмес, Пакистан, Ооганстан жана Россия Федерациясынан келген студенттердин да окууну бүтүп чыгышын майрамдап жатабыз. Мындай көп улуттуу бүтүрүүчүлөрдүн аземи – биздин сүйүктүү Тажикстандын бүтүндөй аймагындагы туруктуулуктун, биримдиктин, боордоштуктун жана тынчтыктын ачык-айкын белгиси жана күбөсү.

Дал ушундай ак дилден чыккан ниеттер менен дагы бир жолу кымбаттуу бүтүрүүчүлөрдү алардын жашоосундагы ушундай эстен чыккыс көз ирмемдери менен чын ыкластан куттуктайм жана чың ден соолук, ак жол жана болочок ишмердүүлүгүндө албан-албан ийгиликтерди каалайм.

Университеттин профессордук-окутуучулар курамына ушундай кесипкөй жана компетенттүү адистерди даярдап чыгарганыңар үчүн өзгөчө ыраазычылык билдирем.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!